КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

ТАЛАС ШААРЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

724200, Талас ш, ул. О.Турдалиева №191
Тел: +996(03422) 5-23-10
Факс: +996(03422) 5-27-79
e-mail: ovd/gtalas@ bk/ru

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКА

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ТАЛАС

724200, г. Талас ул. О.Турдалиева №191
Тел: + 996(03422) 5-23-10
Факс: 996 (03422) 5-27-79
e-mail: ovd/gtalas @bk/ru

20.04. 2026-жыл № 1/894

Талас шаардык
кеңешинин төрагасы
К.А. Джаныбековго

Талас шаарынын аймагында ар кандай укук бузуулардын, кылмыштуулуктун, жол кырсыктарынын жана үй-бүлөлүк зомбулуктардын келип чыгуу себептерине талдоо жүргүзгөн учурда, спирт ичимдиктерди каалаган учурда сатылуусу жана аны ашыкча колдонуунун натыйжасында келип чыгууда.

Мисалга алсак: 2026-жылдын 20-март күнү саат 23:55 чамасында Талас шаарынын Б.Баатыр көчөсүнөн эки жаран, ошол көчөдөгү дүкөндөн спирт ичимдигин сатып алышып, ичип олтурушуп экөөнүн ортосунда өз ара чатакташуунун негизинде уруша кетишип, бир жаран экинчи жаранды бычак менен сайып өлтүрүп салган факты катталган.

Мындан тышкары, 2025-жылдын 3 айында 14 үй-бүлөлүк зордук зомбулук фактысы катталса, ал эми 2026-жылдын 3 айында 23 үй-бүлөлүк зордук зомбулук фактысы катталып, салыштырмалуу 9 фактыга көп үй-бүлөлүк зордук зомбулук катталган. Бул катталган үй-бүлөлүк зордук зомбулук фактылары, көбүнчө спирт ичимдигин ичип алган учурларда болгон.

Бул көрүнүштөр коомдук коопсуздукка, жарандардын ден-соолугуна жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга анын ичинде жаш өспүрүмдөрдүн аң сезимине, келечегине терс таасирин тийгизүүдө.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябырында №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-берененин 12-пункту боюнча тейлеген *аймактарда азык-түлүк дүкөндөргө алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысы боюнча чектөөлөрдү тыюу салууга чейин белгилөө* деп көрсөтүлгөн.

Жогоруда мыйзамда көрсөтүлгөн жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарын эске алып, жарандар арасында коомдук тартипти сактоо, кылмыштуулукту, жол кырсыктарын азайтуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу максатында шаар аймагындагы соода садык түйүндөрүндө спирт ичимдиктерин сатуу убактысына саат **22:00дон, 07:00го** чейин сатууга жана сатпоого тыюу салуу боюнча кеңештин жыйында жакынкы убактын ичинде карап, чектөө киргизүүгө чечим кабыл алып берүүңүздөрдү сунуштайбыз.

1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН **2021-жылдын 5-майы №60** “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” МЫЙЗАМЫ

2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН **2024-жылдын 6-декабры №194** “Тынчтык жөнүндө” МЫЙЗАМЫ

3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН **2015-жылдын 18-майы №103** “Сырткы видеобайкоо жөнүндө” МЫЙЗАМЫ

4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН **2017-жылдын 27-апрели №63** “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” МЫЙЗАМЫ

Башчы
милициянын полковниги **М. Шайбеков**